ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

ИСАКОВА Е.
nbknu@mail.ru

# ААЛЫ ТОКОМБАЕВ ЖАШ АКЫН- ЖАЗУУЧУЛАРДЫН УСТАТЫ КАТАРЫ

А. Токомбаевдин жаштарга насаатчы, нускоочу катары ишмердүүлүгү өзүнүн мааниси жана масштабы боюнча кыргыз жазма профессионал адабиятында өзгөчө орунду ээлейт десек, жаңылышпас элек. 30- жылдары талпынган темир канат кыргыз адабиятынын башында жетекчилик ишин жүргүзүү менен бирге, Токомбаев таланттуу жаштарга чыгармачылык кеңеш, көмөк, саясий багыт берүүнү ыйык парзы катары эсептеди. Ал учурду акын өзү «Жазуучуларга» деген 38- жылкы ырында мындайча эскерет:

Телчиксин, текөөрлөнсүн, канат керсин
Деп ойлоп, силер үчүн болдум үлгү.
Кактырбай канаттууга каршы турдум,
Тазарттым баарыңарга болуп сүлгү.[1]

Мына ошентип, А. Токомбаев Улуттук адабияттын андан ары гүлдөп өнүгүшүнө кылдаттык менен аяр мамиле жасады.

А. Токомбаев өзүнөн кийинки жаш, али жетиле элек, темир канат жазуучуларыбызга сыртын салып, көрмөксөнгө калтырган жок. Тескерисинче, алардын телчигишине алдын-ала шарт түзүп, колунан келген көмөгүн көрсөтүүгө дайым даяр турду. Адабиятыбыздан жаңыдан гүл ача баштаган 30- жылдардын башында А. Токомбаевдин кеңеши, көмөгү, редакторлугу менен көптөгөн жаш жазуучулардын китептери жарык көрдү.

А. Токомбаев Кыргыз жазуучулар союзунун төрагасы болуп турганда жаш жазуучулар маселесине арнап бир топ атайын макалаларды жазган. Биз алардын бири «Жаш жазуучуларга кеңеш» аттуу сын туундусун карап көрөлү. Бул макаланы автор НКВДнын эки жылдык камагынан жаңы гана акталып чыгып, Жазуучулар союзунун төрагалык постуна кайрадан турган учурунда жазган. Демек, Токомбаев бул кызматында анын биринчи кезекте кыла турган эң маанилүү иши катары жаш таланттарга тиешелүү көңүл буруу керек деп эсептегенин көрөбүз. Анткени ошол кезде күн сайын күчөп келе жаткан жаш жазуучуларга жардам берип, аларды камкордукка алуу Жазуучулар союзунда колго алынбаганы авторду катуу тынчсыздандырган. «Окуучулардан, колхозчулардан чыгып, гүлдөп келе жаткан жаш жазуучуларга Жазуучулар союзунун башкармасынын жетекчилигинде отургандардын айыбы аз эмес» – деп ачык жазат.

«Анткени, аларды тарбиялоо иши четте калып, көңүлдөгүдөй зээн салышпаган. Адабият журналынын бетинде жаш жазуучуларга кеңеш берүү иштери, жазуучулар мекемесине келген жүздөгөн каттар ээсиздикке учурап, сайда саны, кумда изи жок. Албетте, бул дурус жорук эмес».[2] Токомбаев кемчиликтердин бетин ачып ашкерелегенден жаш жазуучулардын көркөм чеберчиликтин сырлары тууралуу берген суроолоруна жооп бергенге өтөт. Мында авторду өзгөчө кээ бирөөлөрдүн ырлары оңдолуп, жазылып чыккан учурлары тынчсыздандырат. Автордун оюу боюнча бул талантты өстүрүү эмес, мындай метод тарбияга каршы болот, тактап айтканда, мындай метод жаш жазуучуга эч кандай пайда бербейт. Ошондуктан мындайлардын ырынын кемчилигин, себептерин көрсөтүп, ырдын ээсине оңдотуу керек. Жарабаган ырды ончакты түзөтүп, ончакты консультациялашка болот, бирок бирөөгө оңдотууга болобойт. Токомбаевдин бул жазганында жаш жазуучулардын чеберчилиги жактан такшалышы болгон чыныгы камкордук жатканын аңдайбыз, анткени ушул жол менен гана жаш жазуучуну чыгармачылыктын түйшүгүнө үйрөтүүгө, өстүрүүгө болот эмеспи. Аалы Токомбаев өз макаласында буга окшогон өзүнүн калемгердик тажрыйбасынан маңдай тери менен тапкан көркөм адабий баалуу ойлорун жаштар менен көп бөлүшүп турган.

---

[1]Токомбаев А. Жазуучуларга // Токтобойт толкун түбөлүк. – Бишкек, 1995. – 108- б.
[2] Токомбаев А. Жаш жазуучуларга кеңеш.// Кызыл Кыргызстан. – 1940. - 3- март.

Токомбаев жаштарды кажыбас аракет, көгөргөн кара мээнети менен өзүнүн интеллектисин өстүрүп, эстетикалык аң-сезимин жаңылоого, билим дүйнөсүнө баш-оту менен кирүүгө чакырат. Ушул жерден айта кете турган дагы бир сөз бар. Билим да сиңген кишиге сиңет эмеспи. Адабиятчы С. Байгазиев жазгандай, «ары жагында көрөңгөсү тайыз, дарамети жука пендеден, аны канчалык китепке, классикага көмүп койбойлу, баары бир мындан жарытылуу түшүм болбосу анык. Андай киши канчалык тырышып көп окубасын, табият ташкындаган талант ыроолобогон соң, акыры ал тезектин ичинде кыбыраган коңуз өңдөнүп каларын турмуш практикасы миң бир ирет далилдеп келатат го».[1] А. Токомбаев да аталган макаласында чыгармачылыкта бардык нерсе талантка, жөндөмгө, кишинин инсанына байланыша турганын баса белгилейт: «Ыр, аңгеме жазуу үчүн ыр, аңгеменин техникасын үйрөнүү керек. Бирок, бул негизги маселе эмес. Акын, жазуучу болуу үчүн анын таланты болуу керек. Кишинин баары акын же сүрөтчү боло албайт. Ырга таланты болсо, ошол иш колунан келе турган болсо, ал адам турмуштун бардык сырларын, сулуулуктарын үйрөнүү менен кошо коомдун түрдүү мамилелерин терең таанып жаза алат.

Бирок жалаң жапайы талант менен жакшы чыгарма жаралбастыгын туюнган Токомбаев менен катар «эмгегиңди эчен оңдоп, эчен текшерип, ошонун аркасында түзөтүү керек» деген кеңеш айтат. Искусство чөйрөсүндө чыныгы жазуучуда бир мыкты сапат болот деген кеп бар. Ал – өзүнүн жазгандарын жаратпай, сыза билүү жөндөмдүүлүгү. А. Токомбаев кыргыз адабиятында алгачкылардан болуп сыза билүү искусствосун үйрөнгөн калемгер болгон. Буга анын кол жазмаларына үңүлүп, терең ынансак болот. Кара сөз түрүндөгү, ыр түрүндөгү чыгармаларынын варианттары беш-алтыдан саналат. Ал көркөм образды колго түшүрө албай убараланып, жазгандарын кайра-кайра сызып, биринчилерден болуп «чыгармачылык азап» деген түйшүктү баштан кечирген. Ошондуктан жазуучулук өнөрдүн сырлары жөнүндө айткан кеңештери сүрөткердин көркөм өнөр жөнүндөгү өзүнүн ички терең ишениминен, ички адабий-маданий жетилгенинен деп айтышка салмактуу негиз бар.

А. Токомбаевдин жаштарга болгон камкордугу Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде да үзгүлтүккө учураган эмес. Майдандын катаал атмосферасы, калк турмушундагы бүлгүнчүлүк, ачарчылык күчөп турган 40- жылдары ал жер-жерлерде жаш жазуучулар тобун уюштуруу маселесин көтөрүп чыгат, аны ишке ашыруу үчүн конкреттүү чараларды көрөт: «Жаш жазуучулар тобун уюштуруу жумушун колго алып, ага дайым жардам кылуу маселеси биздин алдыбызда турат. Жазуучулар союзунун союздук башкармасы менен ВЛКСМ БКнын 1939- жылы чыккан нускоо каты али өзгөрүлгөн жок, кат негизинде ар бир журналдын, газеталардын айланасында адабият ийрими болууга тийиш. Республикалык, областтык, райондук газета, журналдардын алдындагы ийримдерге, жалаң гана областтык, райондук күчтөр эмес, Жазуучулар союзунун башкармасынын да алардын өсүштөрүнө жандуу жетекчилик, айкын жардам берүү милдети турат. Ал жаштардын таланттууларына бардык жардамдарды берип, аларды Союзга тартып иштетүү жумушун колго алууга тийишпиз».[2]

Аалы бул маселеге ушунча олуттуу маани берген себебин мындай түшүндүрөт: «Бул жаштар биздин адабиятыбыздын эртеңки ээлери, буларды машыктыруу ишин дайым колдон чыгарбай, жакшы метод менен өстүрүүгө тийишпиз» – деп жазат. Мындай саптар Токомбаевдин кыргыз адабиятынын келечегин таланттуу жаштардын чыгармаларысыз элестете албагандыгын түшүндүрөт. Бул мезгилде акын фронтто жүргөн жаш жазуучулар менен активдүү кат алышып, көркөм чеберчилик боюнча кеп-кеңешин берип, алардын ырларын басма сөз бетине жарыялап турган. Ал эми согуштан кийинки жылдары А. Токомбаев мындай маселе атайын «Жаш адабиятчыларга олуттуу көңүл бурулсун» (ЛЖ, 1947, 21- август), «Шыктуу жаштар жөнүндө камкордук көрүлсүн» (КК, 1952, 10- декабрь) аттуу макалаларын жазат.

---

[1] [2]Байгазиев С. Мукай жана Жусуп. – Бишкек, 1995. – 10- б.

[2] Токомбаев А. Кыргыз адабияты Ата Мекендик согуш күндөрүндө // Советтик Кыргызстан. – 1944. - № 6.

«Шыктуу жаштар жөнүндө камкордук көрүлсүн» аттуу макалада сынчы ошол жа жазуучуларга тийиштүү жардам көңүлдөгүдөй жолго коюлбай келе жаткандыгы тынчсыздандырат: «Анын натыйжасында шыктуу бир кыйла жаштар өз билишинче жеке-жеке уюшулбаган түрдө иштешет. Көп учурларда алар көз жаздымда калып, бара-бара өздөрүнүн таланттарына жана күчтөрүнө күмөн туудурушуп, адабияттан такыр четтеп кетишет. Газета-журналдардын беттеринен көрүнө калып жок болуп кеткен авторлордун көбү өздөрүнүн шыгынын, талантынын жоктугунан эмес, тийиштүү уюмдар тарабынан белгилүү жардамдар, көрсөтмөлөр, кеңештер албагандыктарынан, жакшы мамиле, көзөмөл, тарбия болбогондуктан адабияттан көңүлү калып, эрксизден адабият майданынан четтеп кетишет. Так ушундай жаштар жөнүндө айтуубуз керек, алар бизде аз эмес».[3] Келтирилген мисалдын мазмунунан көрүнгөндөй, А. Токомбаев жаш жазуучулардын алгачкы кадамдарында сырттан болгон көмөккө чоң көңүл бөлгөн. Бул олуттуу ишке Жазуучулар союзунун газета-журналдардын формалдык мамилелерин сынга алуу жогоруда аты аталган макаланын башкы обьектиси болуп берген. Жаңыдан жазып жүргөн жаш авторлорго формалдык мамиле кылуу, биринчиден, аларды келтире турган иштен четтеткендик, экинчиден, адамга жараксыз мамиле кылгандык болот деп жыйынтык чыгарат сынчы. Бул жыйынтык, башкача айтканда, жаш жазуучуларга болгон ушундай көз караш Токомбаевдин өздүк практикасынан далилденип турат. А. Токомбаев жаш акын-жазуучуларга өзгөчө кылдат сезим менен мамиле кылган калемгерлерден болгон. Муну анын ал тууралуу калемдештеринин көптөгөн эскерүүлөрүнөн, бир топ сын макалалардан, каттардан улам айкын көрүүгө болот.

Кыргыз адабият илиминде А. Осмоновдун адабий ишке кандайча келгендиги тууралуу көп эле изилденгендей көрүнгөнү менен али айтылбай, көмүскөдө калган арбын деталдар бар экен. Атап айтканда, жаңыдан гана калем кармап, көркөм чыгарма жаратууга аракет кылып жүргөн жаш талапкерге дамаамат сүрөөнчү демөөр күч болуп, туура багыт көрсөтүп берген жазуучу-устаттардын Алыкулдун тагдырындагы ролу тууралуу адабиятчы К. Артыкбаевдин «Изденүүлөр жана табылгалар» эмгегинен гана кезиктирүүгө болот.[4]

Алыкулдун шыгы ойгонуп, адабий чөйрөгө аралаша башташы 30- жылдардын башында Фрунзеде окуп жүргөн кезине туш келгени белгилүү. Педтехникумдагы курсташтарына көрсөтпөй жазып, түйшөлүп жүргөн кезинде ага ошол кездеги элге белгилүү болуп калган А. Токомбаев менен жакындап таанышуу чоң ийгилик болуп берген көрүнөт. Бул тууралуу акын кийинчерээк 1947- жылы жазылган «Менин автобиографиямда» кең-кесири эскерет:

«Эң биринчи эле Жусуп Турусбеков менен жакшы болдум. Бир күнү ошол акынга ыр алып барып берсем, окуду да: «Сенин ырларың дурус экен, мен барып Аалы Токомбаевге айтайын жана эмки жекшембиде окуучуларды чогултуп тур, мен барып жыйналыш өткөрөм» – дей салды. Көп узабай А. Токомбаев менен жолугуштум, ал кишиден да мактоо угуп, аябай кубандым.

1932- жылы ооруп айылга кеттим. Кайра кайтканда, ошол кездеги Жазуучулар союзунун төрагасы А. Токомбаев мага жакшы жардам кылып, «Чабуул» журналына орноштурду. Бул мезгил менин болочогумдун чечкиндүү жылы болду. Себеби, эгер журналга орношпой калсам, айылга кетмекчимин…»[2] Ошентип, илээшип алган оорусу окууга кедерги келтире баштаганда, 1932- жылы педтехникумду таштап айылга кетсемби деп арсар ойдо, ара жолдо турганда Токомбаевдин жакшы жардамы болочок акындын келечеги үчүн чечүүчү кадам болгону тууралуу А. Токомбаевдин да кийинчерээк эскерип жазганы жарык көргөн»: «Алыкулду мен биринчи көргөндө мага эң эле оор таасир калтырганын эч убакта унута албаймын. Өңү сертирээк, өтө жупуну кийинген окуучу менин көзүмө бечелди элестете койду. Бастек бойлуу, курсактуу, эң эле арык, мойну ичке, манжалары башка кишилердикиндей шадылуу сезилди. Ал өзүнүн оорукчалдыгын, сабакка жетише албай калгандыгын айтты: «Караша турган бир тууганым жок, Кара-Коодо жекжаат эжелерим бар

---

[3] Токомбаев А. Шыктуу жаштар жөнүндө камкордук көрүлсүн // Кызыл Кыргызстан. – 1952. - 10- декабрь.

[4] [1]Караңыз: Токомбаев А. Изденүүлөр жана табылгалар. – Фрунзе,1966. – 116- б.

экен, ошого барайын дедим эле, анан муну силерге көрсөтөйүн дедим эле» дегени эсимде. Мен анын ыры жөнүндө эмне айтканым азыр эсимде жок. Мен анын саламаттыгы жөнүндө, кантип жашоо жөнүндө ойлодум. Анан көңүлүн көтөрүш үчүн өзүмдүн баянымды айтып, эң мурда өзүңө-өзүң ишен, турмуштун көзүн таппасаң, белгилүү багыт албасаң, ачуу-таттууну татпасаң максатыңа жетпейсиң деп, жаңы эле жазып бүткөн ырымдын мааниси кайталанып, кеңеш берген болдум. Бир ай чамасында Алыкул кайра келди, кебетеси баягыдан төмөн болбосо, андан жогору эмес. Беттеринин оттору сыйрылып, көздөрү ого бетер муңайыңкы. «Мага караша турган жакындарым жок экен, жүдөп кеттим» деди. Мени менен эсептешкен кеңешчилерим Калим Рахматуллин, Мукамбет Дөгдүров, Өмүркул Жакишев боло турган. Алар менен макулдашып, жок жерден кызмат таап, Алыкулду «Чабуулга» орноштурдук. Алыкул ошол күндөн тартып сүйгүнчүктүү жаштардын бири болуп, адабий майданга келди».[1] Кийинчерээк жаш акындын жаңыдан жарык көргөн, тагыраак айтканда, 40-жылдардын башындагы эң көрүнүктүү эмгеги «Жолборс терисин жамынган баатыр» поэмасынын котормосу тууралуу басма сөз бетинде оң пикир айтып чыгып, бул китептин кыргыз тилинде жаралышын кызуу куттуктап, жогору баалагандардын эң биринчиси да А. Токомбаев болгон.[2] Кыскасы, жогорудагы фактылардан көрүнгөндөй, Алыкул менен Аалынын ортосундагы мамиле ага менен инидей, ал эми экөөнүн ортосундагы чыгармачылык байланыш дайыма бекем сакталган.

Аалы өмүр бою өзүнүн архивинде А. Осмоновдун бир сүрөтүн ардактап, сактап келген. Бул сүрөттү ага Осмонов өзү белек кылып берген, ага мындай деп жазган экен: «Мени ойготуп, келечек жолума негиз салуучу, мени биринчи сүйүп окуткан жүрөктөш агадай артык, мен үчүн баа жеткис болгон А. Т. (Балкага) анын альбомуна эскерме кылып берем». Осмон уулу Алыкул. 1933, 15- апрель.[3]

Биздин оюбузча, бул жазуу шакирттин устатына болгон эң жогорку урматтоосу эмей эмне. Кыргыз поэзиясына өлбөс-өчпөс из калтырган акын Алыкул да Аалынын сөзүнөн, күчүнөн улам кыргыз адабиятынын бир бурчун ээлеп калды деп айтсак, ашкере кеткендик болбойт окшойт.

А. Токомбаевдин жаш жазуучунун адабий майданга шилтеген алгачкы кадамында адабий кеңешин, адамдык жардамын аябаган фактыларын жеке гана А. Осмоновдун тагдырынан эмес, азыр кыргыз адабиятынын сыймыктары болгон көптөгөн жазуучулардын биографиясынан да кездештиребиз (Р. Шүкүрбеков, Б. Сарногоев, Т. Кожомбердиев ж.б.у.с.). Айталы, даңазалуу акын Б. Сарногоевдин адабиятка келишин Осмонов менен А. Токомбаевдин алака-катышынын экинчи ирет кайталанышы же анын башка вариациясы деп атап койсок болчудай. Өзүнүн чыгармачылык өмүрүндө, акындык тагдырында Токомбаевдин устаттык чоң салымы жөнүндө Байдылда акын чоң сүймөнчүк менен эскерген: «Бала кезде жетимчиликтин азабын аябай эле тарттым. Борбор шаарыбызга 1948- жылдын март айында келдим. Атамдай эле болуп калган киши – Аалыкем мага бир топ эле жардам көрсөттү. Айылдан март айында келдим деп айтпадымбы. Окуу жылы аяктап бараткан, мектепке албай коюшту. Ошондо Аалыкенин жардамы менен өткөм. Шаардагы № 5- мектепти бүтөрүм менен Аалыкемдин жардамы менен Москвага окууга кеттим. Сооронбай Жусуев экөөбүз окудук. Аалыке Москвага барган сайын бизге атайы келип абалыбызды сурап турчу. Акча да берчү. Бу кишинин мээримдүүлүгүн, адамга жакшылык кылууга дилгир айкөлдүгүн далай эле көрдүм. «Уулум, турмушта эмне болбойт, мен бардыгын көрдүм: жакшыны да, жаманды да. Сен талыкпай жакшы оку, жакшы жаз, бат эле адам болуп кетесиң» – акыл-кеңешин айтчу. «Баяс» деген поэмамды ошо Москвада бүткөм. Ошо жылы кыштын күнү Аалыке да Москвага барып калыптыр. Ага жаңы поэма жазганымды айттым. «Кана, окуп көрчү» деди Аалыкем кубанган кыязда. Ой, Аалыке, бул ыр эмес да, көпкө отуруп каласыз го десем, «эчтеме эмес, окуй бер»

---

[1]Токомбаев А. Эстеликтен // Алыкулга гілдесте. – Фрунзе, 1975. – 4- б.
[2]Караsыз: Токомбаев А. Жолборс терисин жамынган баатыр // Советтик адабият жана искусство. – 1941. - № 7.
[3]Токомбаевдин ій музейинен алынды.

деп койду. Анан ошону окуп бербедимби. Эт бышым убактысын коротуп, ошого чыд
укканын көрбөйсүңбү. Ошондо айткан: «Буюрса, айланайын, сенден бир нерсе чыгат. Окууңду бүтүп келчи, калганын көрө жатабыз» деп өзү да кубанып, менин да көңүлүмдү көтөрүп койду».[5]

Адабияттагы устаттардын ролу абдан маанилүү жана сыймыктуу да. Токомбаев мына ушул устат деген улуу миссияны көтөрүп жүргөн кыргыз адабиятында сейрек кездешкен калемгерлердин бири болгон. Ушуну менен бирге, Аалы менен жазуучулардын ортосунда болуп өткөн жагымсыз бир фактыны эске салып кетпесе болбойт. «Менин республикамдын тагдыры менин тагдырым аркылуу аркылуу өттү, ошондуктан мен совет эли туш болгон бардык кыйынчылыктарды башыман өткөрдүм»[6] – деп жазган Токомбаев. Ырас эле сталиндик репрессиядан жабыр тарткан миллиондогон совет адамдарынын катарында А. Токомбаев да болду. 1937- жылы 16- октябрда «активдүү улутчул» катары айыпталып, түрмөгө камалды. Бул каргашалуу окуя кыргыз адабиятында кандай реакцияны пайда кылды деген суроо туулат. Профессор К. Байжигитовдун белгилөөсү боюнча коомдук-саясий турмуштагы мына ушундай көрүнүш анын чыгармачылыгына «жаңыча, большевиктик «сынчыл көз караш» менен кароого, аны башкача «жетик өңүттөн» баалоого себепчи болду».[7] Бул багытта алгач жол салган авторлордун бири акын Т. Үмөталиев болду. Ал гезит бетине «Жазуучулар союзундагы чириктер» (Ленинчил жаш, 1937, 21- сентябрь) деген макаласын жарыялады. Андан көп убакыт өтпөй эле Ж. Бөкөнбаевдин «Адабияттагы улутчулдукту аягына чейин талкалоо керек» (Ленинчил жаш, 1937, 23- сентябрь), А. Осмоновдун «Адабияттагы улутчулдукту түп тамырынан суурун таштайлы» (Кызыл Кыргызстан, 1937, 26- сентябрь) аттуу макалалары биринин артынан бири уюшулгандай удаалаш жарык көрдү. Бул материалдардын дээрлик бардыгында А. Токомбаевди контрреволюциячыл-улутчул, троцкист катары саясий айыпташкан жана аны менменсинген, жаш жазуучуларга камкордук көрбөй куугунтуктаган деген жалган жалааларды жабышты. Жазуучулардын жакында эле устат катары урматташкан адамын таш бараңга алуусу ырасында ак дилден болбогону түшүнүктүү. «Ишенген кожоң суруга акса, алды-алдыңан тал карма» дегендей, бул өз жандарын репрессиянын капшабынан алып калуунун далбасасы эле. Муну туура түшүнгөн Токомбаев кийинчерээк төмөнкүчө эскерген: «Кызыл учкундан» канат сермеген айтылуу акын-жазуучулар дээрлик мени устатым деп лидер тутканын китептеринде, гезиттерде жарыялашкан. Балээнин кокую мен эл душманы, контр делип айыпталганда чыкпадыбы? Алар мени аргасыз каралап сүйлөшкө, макала жазууга мажбурланышкан. Мени каралап сындашпаса, өзүлөрү менин үстүмөн камалышмак. Мыкаачы тергөөчүлөр алардын мени күнөөлөп айткандарын, жарыялагандарын көргөзүп, «душмандык уюмубузда кошо болгон деп тартпайсыңбы?» деп зордогон учурлары болду. Эч кимисинин убалына калбадым, керт башым үчүн, актыгым үчүн жооп берем деп не деген азап, кыйноо, токмокту жебедим. Репрессия убагында мени каралаганы кечиримдүү, эч таарынган эмесмин, таарынбайм да».[8] Сталиндик системанын тушу бирине-бирин кайраштырган, бирине бирин тукурган саясий оюндардын учуру болду. Ошондой тукуруштарга алданган, ошондой саясий оюндардын торуна түшүп, акты кара, болбогонду болду деп чындыкты бурмалоого аргасыз болгон жазуучулардын бул жоруктарына айласыз баш чайкоого туура келет. Токомбаев бул көрүнүш жөнүндө кийинчерээк керээз катында да эскерип кеткени белгилүү: «Являясь одним из организаторов кружка кыргызских писателей, я руководил им до создания Союза писателей и позже, вплоть до моего ареста в 37 году. В тюрьме следователи пытали меня и преднявляли мне «показания» моих соратников-писателей, требовали, чтобы я наговорил на них… нет, ни одного

[5] Сарногоев Б. Аалыны ата дечімін.// Кыргыз туусу. - 1995.
[6] Токомбаев А. Кыргызстан КП БК секретарларына кат (Іі музейинин архивинен).
[7] Байжигитов К. А. Токомбаев жана 1937- жыл // Кайчылаш жолдор. – Фрунзе, 1988. – 15- б.
[8] Бейшеналиев Ш. Тагдыр сырлары. – Бишкек, 1998. – 24- б.

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

не бросил я тени, никого не посадил, не опорочил, ни один писатель из-за меня не прошел кру[illegible] ада и вообще, ни один писатель не был осужден».[9]

Тилекке каршы, ушул убакытка чейин адабий чөйрөдө айрым учурда Токомбаевдин бийик бейнесине шек келтирүү максатында жазуучулардын жогорку аты аталган жалааларын мисал келтирип айыптаган учурлар кездешип жүрөт. Адабий фактыларды конкреттүү тарыхый шарттын, историзм принцибинин көз карашында туруп баалабай, өздөрүнүн белгилүү бир максатына ылайыктап буруп пайдаланган учурлар бар. Айталы, адабиятчы С. Байгазиев 30- жылдардын көрүнүктүү сүрөткери М. Элебаевдин Аалыны жамандап жазган макалаларынан мисал келтирет: «Токомбаев менин ушул жоруктарымды журт өмүр бою байкабай өтөт десе керек. Жок баатыр, массаны сен бул күндө алдай албайсың. Токомбаевдин чыгармалары жөнүндө кийин сөз кылмакпыз. Бул арада айта турган бир гана сөз – бул али көркөм сөздүн чебери болуп кетпеген киши. Токомбаевдин көп чыгармалары сапатсыз»[10] «Ал эми Токомбаев Жазуучулар союзуна жетекчи болуп отургандан тартып аппаратты кандай кылды? Өзүн мактап ыр жазгандарды жакын тартып, мындай кылбагандарды, жалпактабагандарды душманым деп билди. Куугунтук жасады. Жазуучулардын аппараты жан багуунун кошуунуна айланды».[11]

Бул материалдардан байкалып тургандыр, Токомбаевге жалаа жабуу, каралоо үчүн айрым кургак, конкреттүү аталбаган жана талданбаган деталдар кызмат кылат – эмоционалдуулук, субңективдүү көз караштар анын чыгармачылык өнөрканасын аныктоочу башкы критерий сымалында роль ойнойт. Ал эми адабиятчы С. Байгазиев бул макалалардын маанисине эң жогору баа берип, мындай деп жыйынтык чыгарат: «Мукай иштин чыныгы абалы эмнеде экенин сезип, Жазуучулар союзунун төрагасынын чыгармачылыгына байланыштуу жасалма салтанаттуулуктун, жалган иллюзиялардын бет пардасын сыйрууну атуулдук парзым деп эсептейт. Мукай сындарында кээде түк жалтанбаган, өлөр-тирилерин билбеген жандеми баатырга окшоп кетет. Ал жазуучулар түгүл Кыргыз Эл комсовунун төрагасы Исакеевге чейин «кол салууга» барган. «Кечээ эле жакында болуп өткөн Кыргызстан жазуучуларынын I сңездинде Исакеев чыгып сүйлөп: «Бул жерде Токомбаевди сынайбыз дечү кишилер бар көрүнөт. Биз андайларга жол бербейбиз» дегенин эл унутуп койгон жоктур» деп жазганын даңазалайт».[12] Байгазиев сыяктуу белгилүү илимпоз-окумуштуу ушундай саптарды тарыхый контексттен бөлүп алып, үзүл-кесил мисал келтирүүнүн алдында өзү жазгандай «иштин чыныгы абалы эмнеде экенин» андап туюнса, атаганат. Болбосо, ал айткандай «өлөр-тирилерин билбеген, түк жалтанбаган» Мукай эмне үчүн Токомбаевге, Исакеевге мурун же кийин каршы ачык айтып чыкпай, туура 1937- жылы, бул эки коомдук ишмер экөө тең камакка алынганда, басма сөз бетинде асылып отурат? Биздин оюбузча, бул М. Элебаевдин «жандими баатырлыгы» эмес, репрессиянын капшабынан жан далбастаган, керт башын оолактаткан амалы гана болуп жүрбөсүн? Бекеринен Аалы көп өтпөй акталып кайра чыкканда, ошол эле Мукай өзүнүн ички сырын, муңун жашырбай төкчү күндөлүгүнө төмөнкүдөй жазган эместир: «Анын көпчүлүктү ала жүргөнүн, жаштарды өстүргөнүн, адам болсун деп тереңден өстүрүп чыкканын Алыкулдай жаштардын өзү гана эмес, башка бирөөлөр да унутпашыбыз керек. Биз кимдин кимдигин керт башыбызга кылган мамилесинен эмес, жалпы текшеришибиз керек… Аалы жөнүндө бул чындыкты сүйлөбөскө бүгүн адамгерчилигибиз барбайт. Тарыхты бурмалаш адамгерчиликке жатпайт. Муну Молдогазы билбейт, мен билбейм – ким билет?

13- февраль, 1940- жыл».[13]

Мукайдын салмактуу, адилет талдоосунан өмүр бою келишпестиктин, каршыгуунун изи сезилбейт. Тескерисинче, анын Токомбаевдин алгылыктуу сапаттарын акыйкат

---

[9] Токомбаев А. Письмо секретарям ЦК КП Киргизии Б. Киселеву и М. Шеримкулову, 1988.
[10] Элебаев М. Адабияттагы буржуазиячылдыкты биротоло курутуу керек.//
[11] Элебаев М. Дагы адабияттагы чириктер тууралуу.//
[12] [3]Байгазиев С. Мукай жана Жусуп. – Бишкек, 1995. – 20- б.
[13] Алынды: Бейшеналиев Ш. Дагы Аалыке жана Мукай.// Эркин Тоо. – 1991. - 16–23- февраль.

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

баалоого умтулганы көрүнүп турат. Ушундан улам адабиятка, тарыхка этият, так мам... кылып, «эффективный» гипотеза үчүн чындыкты курмандыкка чалып, карапайым окурмандардын башын айландырбасак деп айткыбыз келет.

60–80- жылдары да Аалы жаш жазуучуларга бир чети агасы, калемдеш коллегасы катары билген кеп-кеңешин аябай сырдаш болуп, аларды жакшы жолго, адабияттын күжүрмөндөрү болууга үндөп келгендигин көрүүгө болот. Анын кеңеши, материалдык көмөгү, редактор болушу менен ал кезде жаш калемгерлердин бир нече китеби жарык көргөн. Ошолордун бири Турар Кожомбердиевдин «От өчпөгөн коломто» аттуу жыйнагы болучу. Бул китепке баш сөз жазган А. Токомбаев ал учурдагы жаш, жаңыдан телчигип келаткан Турардын көп нерсени үмүттөндүргөн чыгармачылык наркын, келечеги бар экенин белгилейт: «Изденүү бардык жазуучуга, бардык куракка таандык. Изденүүнүн табылгасы – талант. Кай бирөөлөр «изденүү» десе, ыр саптарын гана эмес, ылаажы болсо, тамгаларды да сындырып, ойкуштатып жазгылары келет. Биз Турардан аны көрбөйбүз. Ал чабал жаштан эмес. Ал убактылуу буйдалгандардан да эмес. Ал – жаңыдан гүлүн ачкан жаш талант».[1] Мында көптү көргөн, тажрыйбалуу, кексе калемгер кыргыз поэзиясынын эшигин ташкындаган таланттуу акын каккылап турганын жазбай баамдаганын билебиз. Ал эми Токомбаев чыгармачылык кесипте таланттын ролун биринчи орунга коюп эсептеген художник экени белгилүү. Ар бир акын табигатты өзүнчө сезет, өзүнчө көрөт, аны өзүнчө сүрөттөйт эмеспи. Алардын чыгармачылыгынын айырмачылыктарын ошондон байкап, таанууга болот.

Биз жогоруда белгилегендей, А. Токомбаев жаш жазуучуларды тарбиялоо ишинде алар менен кезигишип, аңгемелешип, кат алышуу жолуна чоң көңүл бөлгөн. Бул тууралуу акын, котормочу Э. Турсуновдун эскерүүсүн келтирели: «… 70- жылдан тартып мен мүмкүн болушунча чыгармачылыгымда бурулуш жасоого аракеттендим. Ошондо басмадан чыккан жакшы эмгектерди Токомбаев такай окуй турганына көзүм жетти. Бир күнү эле почта аркылуу кат келип калды. Конвертте адреси, фамилиясынын астында Токомбаевден деп турат.

Токомбаевдин жаш таланттарга болгон мамилеси ушундай кат аркылуу колдоо менен чектелип калган эмес. Ал жаш адабиятчыларга материалдык жактан да көмөк берип турган. Анда акындын өз сөзүнө кулак төшөйлү: «Мен жаштарга моралдык-рухий жардамымдан башка мүмкүндүгүм болгондо материалдык жардам берүүгө да аракеттенем. Муну мактануу үчүн эмес, жаш жазуучулардын эмгектерин чыгарыш үчүн «Таң алдында» романымдын гонорарын бердим. Муну мен биринчи жолу эске салып отурам. Ошол акча менен (басманын чабал кезинде) он чакты жаш акындардын жыйнактары чыккандыгына сыймыктанам. Бул – менин байлыгым артып кеткендиктен эмес, үмүткө татырлык жаштарга болгон аталык мээримим».[2]

Акындын бул жазганы көзү тирүүсүндө эч жерде жарыяланган эмес. Аалы мактанычтык менен бул фактыны оозеки да, басма беттеринде да айтып чыкпаган. Мындан анын карапайым жөнөкөйлүгү, жаш жазуучуларга жардам берүүнү өзүнүн устаттык милдети деп эсептегенин көрөбүз. Азыркы учурда кыргыз адабий сыны жаш жазуучулардын алдында абдан карыз. Алардын чыгармачылыгына жарытылуу көңүл бурулбай, адабиятка жаңы муундардын келишине олуттуу мамиле жок. Ошондуктан А. Токомбаевдин жаштарга болгон камкор мамилеси баарыбызга өрнөк, сабак болууга тийиш.

**Адабияттар**:

1.Токомбаев А. Жазуучуларга // Токтобойт толкун түбөлүк. – Бишкек, 1995. – 108- б.
2.Токомбаев А. Жаш жазуучуларга кеңеш // Кызыл Кыргызстан. – 1940. - 3- март.
3.Токомбаев А. Кыргыз адабияты. Ата Мекендик согуш күндөрүндө.// Советтик Кыргызстан. – 1944. - № 6.4

---

[1]Токомбаев А. Келечеги кең акын // Кожомбердиев Т. От өчпөгөн коломто. – Фрунзе, 1972. – 4- б.

[2]Токомбаев А. Тарых документ менен сүйлөйт // Чүй баяны. – 1992. - 17- октябрь.

4.Токомбаев А. Тарых документ менен сүйлөйт // Чүй баяны. – 1992. - 17- октябрь
5. Байгазиев С. Мукай жана Жусуп. – Б., 1995. – 10- б.
.